# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2021-жылдын 22-октябры № 155*

## "Бирдиктүү терезе" принциби боюнча жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлерди берүүнү макулдашуу тартиби жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Борбордун статусу жөнүндө" Мыйзамынын 20-беренесине жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 41-беренесине, Депутаттардын Бишкек шаардык кеңешинин 2009-жылдын 30-июнундагы № 80 токтому менен бекитилген "Муниципалдык аймактарда (көчөлөрдө, тротуарларда жана аянттарда) куруу (реконструкциялоо), инженердик тармактарды жана курулмаларды ремонттоо жана көрктөндүрүү элементтерин калыбына келтирүү боюнча иштерди жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобонун 3-главасына ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.М.Исаковдун Бишкек шаарынын мэриясынын "Бирдиктүү терезе" принциби боюнча жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлерди берүүнү макулдашуу тартиби жөнүндө" токтомунун долбооруна карата 2021-жылдын 15-октябрындагы № МИ 06-10/1268 маалым катын эске алып,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы:

- "Бирдиктүү терезе" принциби боюнча жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлерди берүү боюнча ишти белгиленген тартипте уюштурсун;

- жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлерди берүү жөнүндө арыздардын түшүүсүнө жараша төмөндөгүлөр менен беш жумуш күндүн ичинде макулдашсын:

административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары;

Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясы;

Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгынын Кайгуул кызматы башкармалыгынын Жол көзөмөлдөө бөлүмү;

Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык транспорт башкармалыгы:

"Бишкек жашыл чарба" муниципалдык ишканасы;

"Тазалык" муниципалдык ишканасы;

"Бишкекасфальтсервис" муниципалдык ишканасы;

"Жол сыноо лабораториясы" муниципалдык ишканасы;

- жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлер берилгенден кийин административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларына жана Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясына жер жумуштарын жүргүзүүгө берилген ордерлер жөнүндө маалыматты бир күндүк мөөнөттө берсин;

- курулуш субъекттеринин көрктөндүрүү элементтери толугу менен калыбына келтирилгенден кийин Бишкек шаарынын ыйгарым укуктуу кызматтары тарабынан кол тамга коюлган жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлерге карата кайтаруу талондорун чогултууну жүзөгө ашырсын.

2. Бишкек шаарынын административдик райондорунун башчылары:

- Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясы менен биргеликте жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлерди берүү шарттарын курулуш субъекттеринин сактоосу үчүн контролдоону жүзөгө ашырышсын;

- көрктөндүрүү элементтерин калыбына келтирүү жана курулуш объекттерин аяктагандан кийин жумуштардын тиешелүү түрлөрүн кабыл алуу үчүн контролдоону жүзөгө ашырышсын;

- жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлерди берүү шарттарынын бузулгандыгы аныкталган учурда, ошондой эле алар мыйзамсыз жүзөгө ашырылганда Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан каралган чараларды көрүү үчүн Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясына кечиктирбестен маалымдашсын.

3. Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясы:

- жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлердин шарттарын жер жумуштарын жүргүзүүдө курулуш субъекттеринин сактоосуна контроль жүргүзсүн;

- жер жумуштарын жүргүзүүгө ордерлерди берүү шарттары бузулгандыгы аныкталган учурда, ошондой эле алар мыйзамсыз жүзөгө ашырылганда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чараларды көрсүн.

4. Бишкек шаарынын мэриясынын 2015-жылдын 30-ноябрындагы № 388-б "Бирдиктүү терезе" принциби боюнча жер казуу жумуштарын жүргүзүүгө ордерлерди берүүнү макулдашуу тартиби жөнүндө" буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын шаар куруу жана архитектура бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**